| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ** | **ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК

2023-жылдын 10-октябрынан № 190 Бишкек ш.

## "Апросах" ААК тарабынан жылуулук энергиясын өндүрүү жана химиялык тазаланган тармактык суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын бекитүү жөнүндө

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы № 193 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого орто мөөнөттүү тарифтик саясатына, жылуулук энергиясына жана ысык сууга тарифтерди колдонуу боюнча нускамага, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 17-мартындагы бекитилген № 2 «Продукциянын (жумуштардын, кызматтардын) өздүк наркын аныктоо жана жылуулук энергиясына тарифтерди түзүү методикасын бекитүү жөнүндө» буйругуна, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 31-майындагы № 101 «Жылуулук энергиясына жана ысык сууга тарифтер жөнүндө» буйругуна ылайык **буйрук кылам:**

1. 2023-жылдын 1-октябрынан тартып «Апросах» ААК үчүн «Кыргыз жылуулук энергия» МИнин «Кара-Балтадагы электр жылуулук менен жабдуу жана суу берүү өндүрүштүк бирикмеси» филиалынын керектөөсү үчүн берилген жылуулук энергиясын жана химиялык тазаланган тармактык сууну (атайын иштелип чыккан суу) өндүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 1 Гкал үчүн 1251,30 сом жана 1 $м^3$ үчүн 21,62 сом өлчөмүндө бекитилсин (салыктарды эсепке албаганда).
2. Ушул буйруктун 1 жана 2-тиркемелерине ылайык «Апросах» ААКтын 2023-жылга пландуу техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2022-жылдын 20-октябрындагы № 195 «Апросах» ААК тарабынан жылуулук энергиясын өндүрүү жана химиялык тазаланган тармактык суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын бекитүү жөнүндө» буйругу 2023-жылдын 1-октябрынан тартып күчүн жоготту деп табылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке жылуулук энергиясын жана химиялык жактан тазаланган тармактык сууну иштеп чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын бекитүү үчүн берилген маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик «Апросах» ААКтын директоруна жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы:

- ушул буйрукту «Апросах» ААКтын жана «Кыргыз жылуулук энерго» МИнин дарегине жөнөтсүн;

- жалпыга тааныштыруу үчүн ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо жагы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г. И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**